«Жылалды » № 8-орто мектеби

# Ата-энелер комитети жөнүндө жобо

«Бекитемин»

«Жоргалды» [illegible] орто мектеби

Мектеп директору: Эшенкулова У.

«28» август 2021-2022-жыл

**Ата-энелер комитети жөнүндө жобо**

**1.Жалпы жобо**

1.1.Бул жобо ата-энелер комитетинин ишмердүүлүгүн жөнгө салат.

1.2.Мектептин ата-энелер жөнүндөгү жобосу жалпы ата-энелеринин жыйынында кабыл алынат жана мектептин директору тарабынан бекитилип, буйругу менен ишке ашырылат

1.3.Ата-энелер комитетинин (Мындан ары комитет) ишин анын төрагасы жетектейт.Комитет жалпы ата-энелер комитетинин алдында отчёт берет жана жооптуу болот.Комитеттин иштөө мөөнөтү 1-жыл, анын курамы ротация жолу менен жылына 3/1 жаңыланат.

1.4.Комитеттин ишин кординациялоо максатында анын курамына тарбия ишин уюштуруу боюнча директорунун орун басары кирет.

1.5.Комитеттин кабыл алган чечимдери сунуш катары кабыл алынат. Комитеттин кабыл алган чечимдери мектеп дирекциясы тарабынан колдоо тапса жана ага атайын буйрук чыгарылса, анда ал баары учун милдеттүү болот.

**2.Негизги милдеттери**

2.1. Мектептеги окуу жана тарбиялоо процессинин иштөө шартын жакшыртуу, окуп жаткан окуучулардын өмүрүн жана ден- соолугун сактоо инсандын калыптанышына көмөктөшүү:

-алардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо;

-мектепте кызыктуу маданий, массалык, спорттук жана башка иш чараларды уюштуруу.

2.2.Комитеттин максаты (балдардын мыйзамдуу окулдору) ата-энелер менен иштөөдө мектепте окуп жаткан окуучулардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү

**3.Мектепте жалпы ата-энелер комитетинин функциясы**

3.1.Мектепте окуу процессин оптималдуу уюштурууга жана окуучуларга жагымдуу шарттарды жаратууга (тапкыс окуу китептерин сатып алууга жана көрсөтмө куралдарды даярдоого ж.б.) кол кабыш кылуу.

3.2.Жаңыдан түзүлгөн класстардын ата-энелер комитетинин иштерин уюштуруу

3.3. Окуп жаткан окуучулардын (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) алардын укуктары жана милдеттери жөнүндө түшүндүрүү жана консультатциялар берүү.

3.4.Мектепте өтө турган жалпы маданий массалык, спорттук иш чараларга жардамдар берүү.

3.5.Мектептеги жаңы окуу жылынын башталышынан ийгиликтүү аякташына жардам берүү.

3.6.Мектептин администрациясы менен биргеликте окуучулардын тамактануусун жана медициналык тейлөөсүн жакшыртууга көмөктөшүү

3.7.Мектептин администрциясы менен биргеликте жалпы ата-энелердин жыйынын уюштурууга жардам берүү

3.8.Комитеттин атына келип түшкөн кайрылууларга директордун тапшыруусу менен ушул жобонун негизинде карап чыгуу

3.9.Комитет өз компетенциясына ылайык билим берүү мекемесинин локалдык актыларын талкуулайт

3.10.Мектептин санитардык-гигиеналык абалын жана жашоо шарттын, коопсуздугун ишке ашырууга катышуу

3.11.Коомдук уюмдар менен биргеликте мектептеги салттарды жана жошоо образдарды жайылтууга жардам берүү

3.12. Педагогикалык коллектив менен биргеликте жаш өспүрүмдөр арасындагы тартип бузууларды алдын алуу боюнча жумуштарды аткаруу

3.13.Комитет компетенциясына ылайык жергиликтүү өзүн-озуубашкаруу уюмдары менен биргеликте мектептеги окуу жана тарбиялоо процессине байланыштуу маселелердин чечилишине жардам берүү

## 4.Ата-энелер комитетинин укуктары

Ушул жобого жана компетенциясына ылайык төмөнкүлөр укуктуу:

4.1.Билим беүү мекемелерине, мектеп администрациясына өз сунуштарын киргизип, ал жөнүндө маалымат алууга.

4.2. Түшүнбөгөн маселелер боюнча мектеп жетекчилигине кайрылууга.

4.3.Билим берүү мекемесинин администрациясынан жана анын бөлүмдөрүнөн маалыматтар алууга .

4.4.Класстын ата-энелер комитетинин сунушу менен мектептин жалпы комитеттинин жыйынына балдардын (мыйзамдуу өкүлүн) чакырып, алардын отчёттун угууга.

4.5.Билим берүү мекемесинин локалдык актыларынын талкулоого

4.6.Каралып жаткан ишке байланыштуу түшүндүрмөөберүүгө жана чечим кабыл алууга

4.7.Мектептин жалпы иш чараларга активдуу катышкан ата-энелерди сыйлоого сунуштар берүүгө

4.8.Комитет өз функциясын аткаруу мезгилинде убактылуу жана туруктуу иштөөчү комиссияларды түзгөнгө

4.9.Комитеттин төрагасы компетенциясына ылайык педагогикалык кенештин же өзүн-өзү башкаруу органдарынын ишине катышууга

## 5.Ата-энелер комитетинин жоопкерчилиги

**Комитет жооп берет:**

5.1.Кабыл алынан пландын аткарылышына

5.2.Комитет кабыл алган чечимдерге жана сунуштарга

5.3.Мектептин жетекчилиги менен ата-энелер комитетинин (балдардын мыйзамдуу өкүлүнүн) балдарды тарбиялоо ишине өз ара түшүнүү менен алып барышына

5.4.Кабыл алынган чечимдердин аракеттеги мыйзамдар менен шайкеш келишине

5.5.Комитеттин ишине катышпаган ата-энелерди төраганын сунушу менен чакырып алууга

## 6.Жумушту уюштуруу

6.1.Комитеттин курамына окуп жаткан окуучулардын (балдардын мыйзамдуу өкүлү) ар класстан бирден мүчө болот. Комитеттин мүчөлөрү жыл сайын жаны окуу жылынын башталышында жалпы мектептин ата-энелеринин жалпы жыйынында дайындалат.

6.2.Комитеттин курамы мектептеги класстардын санына жараша аныкталат.

6.3.Комитеттин мүчөлөрүнүн арасынан бирөө төрага, бирөө катчы болуп дайындалат.

6.4.Комитет өз ишмердигин кабыл алган иш планга жана мектептин жетекчилиги менен макулдашкан тартипте жүргүзөт.

6.5.Комитет өз ишмердиги боюнча жалпы ата-энелердин жйынында бир жылда эки жолу отчёт берет.

6.6.Комитет чечим алган чечим анын курамынын жарымынан көбү жыйынга катышканда күчүнө кирет.Чечим көпчүлүктүн добуш берүүсү менен кабыл алынат.

**7.Иш кагаздарын жүргүзүү:**

7.1.Мектептин ата-энелер комитети өзүнүн отурумдарынын токомдорун мектептин иш кагаздарын жүргүзүү жөнүндөгү инструкциясынын негизинде жүргүзөт

7.2.Кабыл алынган токтомдору мектептин архибинде сакталат.

7.3.Иш кагаздардын жүргүзүлүшүнө комитеттин төрагасы менен катчысы милдеттүү

"Бекитемин"
Мектеп директору: Э. Эшенкулова
2021-2022ж

**2021-2022-окуу жылына карата «Жылалды» № 8 –орто мектебиндеги ата-энелер менен иштөө үчүн түзүлгөн иштин планы.**

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну. | Мөөнөтү. | Ким жооптуу. | Иш-чаранын түрү. |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү мыйзамындагы ата-энелердин милдеттери,укуктары . 2020-2021-окуу жылындагы бир жылдык отчету. 2021-2022-жылындагы ата-энелер комитетинин жаны курамын шайлоо. | Сентябрь | Мектеп администрациясы ата –энелер комитетинин төрайымы. | Чогулуш. |
| 2 | Үч тараптуу келишимди карап чыгуу,өзгөртүү толуктоолорду киргизүү. | Сентябрь Октябрь | ТИУ Соц.педагог ата энелер комитетинин курамы. | Чогулуш. |
| 3 | Окуучулардын билим сапатын жана китеп менен камсыздалышын көзөмөлдөө. | Ай сайын | Соц педагог , ар бир класстын ата-энелер комитети | Аңгемелешүү |
| 4 | Кылмыштуулкутун алдын алуу, Рекетчиликке каршы күрөшүү боюнча «Рекетчилик-бул кылмыш», «Кылмыш жана жаза» деген темалардын үстүндө семинарларды уюштуруу | Ноябрь | Мектеп администрациясы ата-энелер комитети ИДН кызматкерлери | Семинар сабак |
| 5 | Жугуштуу оорулардын алдын алуусу,Тамеки,насвайдын зыяндуулугун алдын алуу, « СПИД-аалам коркунучу» деген теманын үстүндө семинар сабак | Жыл ичи | Соц педагог , ТИУ , ата –энелер комитети | Семинар сабак ,тегерек стол. |
| 6 | Окуучуларды тарбиялоодо үй - бүлөөнүн ролу 1-жарым жылдыктын жыйынтыгы окуучулардын ийгиликтери кемчиликтери.Билим сапатын көтөрүүдө окуу үчүн үйдө шарт түзүү. | Декабрь | О.ББ.ата-энелер комитети. | Семинар сабак. |
| 7 | Окуучулардын үйдөгү сабакка даярдануу режими жана анын мааниси. | Февраль. | ОББ,Соц педагог ата – энлер комитети. | Аңгемелешүү. |
| 8 | Окуучулардын патриоттуулук сезимин ойготуу, мекенди сүйүүгө тарбиялоо ,согуштун | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ардагерлери менен жолугушуу өткөрүү аларга көмөктөшүү. | Жыл ичи | ТИУ ата –энелер комитети | Диспут |
| 9 | Мектептин материалдык базасын чыңдоодогу ата – энелердин ролу. Демөөрчүлөрдү тартуу жана иштөө | март | Мектеп администрациясы | Ангемелешуу. |
| 10 | Окуучулардын жайкы эс алуусун уюштуруу,бүтүрүүчү класстардын ата – энелеринин милдеттери менен тааныштыруу | Май | Мектеп администрациясы. Ата – энелер комитети | Чогулуш |

Түзгөн ТИУ: Кабылова Д

"Жылалды" №8 орто мектебинин

Кылмыштуулуктун алдын алуу профилактикалык кенешинин №3 отуруму .

№2 Протокол 04.10.2021.

Катышкандар; Ата-энелери, класс жетекчилер .

ИДН кызматкерлери

1.-маселе : Ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.
2-маселе: Балдардын жүрүм трумун талкуулоо.

1-маселе боюнча мектеп директору У.Эшенкулова сөз сүйлөп төмонкүлөргө токтолду.

Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту болтурбоо үчүн ар бир ата-эне уйдо, коомдук жайларда озун кандай алып жүруу жонундо ар дайым айтып журуунуздорду суранабыз. Ата –энелер оз балдарын дайым козомолго алып турушун, мектеп менен тыгыз байланышта болуп класс жетекчилер менен иш жургузууну сунуштады .

Бала деген бала дайыма эскертип туруу керек . Кээ бир ата энелер балдарын мектептен тарбия алат деп конул кош болушат .Уйдон тарбия жакшы болсо ошол бала мектепте да тартиптуу боло алат. Ата-энелер баланы окутууга тарбиялоого, кийинтууго милдеттуу ошондой эле дайыма баланы козомолдоп туруусу зарыл. Ата –энелер оз балдарын дайым козомолго алып турушун , мектеп менен тыгыз байланышта болуп класс жетекчилер менен иш жургузууну сунуштады .

2.Созго чыкты Абвадилла у Мадияр окуучулардын тартибин козомолдоо жалгыз ИДН кызматкерлеринин колунан келбейт .Ал учун урматтуу ата-энелер , мугалимдер баарыбыз бир убакта козомолдоп бирдей талап коюп турушубуз керек. Мектепте сабак башталаары менен сабактарга катышуу телефонду унсуз абалда которууну талап кылуу керек. Сабактан качып, жогорудагыдай жооруктар болсо ИДН учетуна алынары айтылды.

3 .Ата-эне Маматов Айбек созго чыкты жалпы ата-энелер баарыбыз чогуу биргеликте ар бирибиз озубуздун балдарыбызга уйдон конул бурайлы, уйдон тарбия берилбесе балдар тарбияланбайт ошондуктан уйдон туура тарбия берели .Мугалимдерге жардамчы болуп иштешели . Балдарыбыз шалакалыка ,жалкоолукка , уйронуп баратат Мектепте мугалим баланын билим сапатын жогорулатат калганын биз ата-энелер уйдон карайлы Балдарыбыз мектептен билим алсын.Балдарды окуу куралдары менен камсыздап оз убагында сабака жонотойлу .Чыр чатаксыз келечек алды ,ынтымактуу балдардын мындан аары ынтымактуу болусун сунуштады.

4.Ата-эне Бекиева Айчурок созго чыкты : Балдардын оз алдынча каалоолорун аткарбоого тыюу салып чектен чыгарбоону сунуштады.Уйдон тарбиялоо бул- ар бир ата-эненин парзы экендигин айтып отту.

5. Мектептин организатору Кабылова Динара созго чыкты:мектептеги окуучулардын укук бузууларын болтурбоо учун класс жетекчилер да, катуу козомолдо болуусу тийиш экендигин билдирди.ж.б.

Жогорудагы сунуштарды угуп жана талкуулап жыйын томондогудой

Токтом кылат .

1Ар бир класстын ата-энелер комитети балдарга:

Мектептеги чыр чатакты болтурбоо учун ар бир класстын класс жетекчилерине, мектепте балдардын озун алып журуу милдеттерин тушундуруу иштерин , тарбиялык сааттарды откоруу милдеттендирилсин .

2. Кылмыштуулукту алдын алуу максатында ата-энеси Россиялап кароосуз калган окуучуларды тактоо организатор Кабылова Динарага жана соц .педогог Султанбаева Бактыгулго милдеттендирилсин.

Торага : Маматов Айбек.

Соц педагог: Султанбаева Бактыгул.

Катчы : Караева Гулгаакы.

№ 3 Протокол

2022-жылдын
15 -апрель " Жылалды" № 8 орто мектебинде 8-9-10 -11-класстар арасында
кылмыштуулуктун алдын алуу максатында ата –энелер жыйыны болду. Жыйынга
МУУы нын кызматкери Муратов Ороз
Мугалимдер 20
Ата-энелер150
Окуучулар катышты .

КҮН ТАРТИБИНДЕ ТӨМӨНКҮ МАСЕЛЕЛЕР КАРАЛДЫ

1. Окуучулар арасында болуп жаткан кылмыштуулуктун алдын алуу жана 18 жашка толо элек кыздарды турмушка берүү.
2. Окуучулар арасында суицид жана чондор тарабынан балдарга карата зордук зомбулукту болтурбоо .
3. Окуучулардын түнкү көчөгө чыгуусу жана окуучулардын мектепке телефон көтөрүп келүүсү.

Жыйында мектеп директору ата энелердин милдети жана укуктары жөнүндө айтып. Ата –энелер коом алдында балдарына берген билим жана берген адептүү тарбиясы, элге жана эмгекке кылган мамилеси, берген убадага тактыгы ж.б сапаттарды калптаганга милдеттүү. Мисалы баланын билим алышына зарыл шарттарды түзүп берүүгө, анын алган тарбиясына, мугалимдер менен кошо жооптуу экенин түшүнүүлөрү зарыл. Ата – эне дагы баласынан көп нерсени күтүүгө акылуу. мисалы, өзүнүн жакшы тарбиясы менен, элге жасаган жакшы иштери менен ата-энесине каралашканы, аларды сыйлаганы, берген убадага бектиги, мээнеткечтиги адептүүлүгү боюнча ата –энелерди сүйүнтүшү зарыл экендиги боюнча доклад окуду.

1. Окуучулар арасында болуп жаткан кылмыштуулуктун алдын алуу жана 18 жашка толо элек кыздарды турмушка берүү боюнча ЖИИ нин кызматкери Муратов Ороз сөз сүйлөдү . 2021 –жылга карата Өзгөн районунда окуучулар арасында 82 кылмыш катталгадыгын айтып өтүү , алар ар түрдүү кылмыштар мисалга алсак уурулук, тоноочулук , рекетчилик жана башка түрлөрү менен катталууда бул көрүнүш биз учун чон коркунуч ата-энелер, мугалим жалпы коом чогуу биргеликте иштебесек балдардын келечеги коркунучта болуп жаткандыгын эскертти .2016 –жылдын 17-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш жаза кодексинин 155-1 беренесинде жашы жетелек жаш өспүрүмдөрдү , ата-энелер тарабынан турмушка берүү жана аларга нике окууган кишилер мыйзам тарабынан 2 жылдан 5 жылга чейин эркинен ажыратуу каралгандыгын айтып өтүп, ата-энелерди балдардын келечегине кайдыгер карабай, мыйзам алдында жаш өспүрүмдөргө баарыбыз бирдей мамиледе бололу деп сөзун аяктады .
2.Окуучулар арасында суицид жана чондор тарабынан балдарга карата зордук зомбулукту болтурбоо максатында төмөндөгүлөрдү айтып өттү .Чондор тарабынан да балдарга карата ар кандай зомбулуктар болуп жатат, жашы жетелек жаш кыздарга карата сексуалдык мүнөздө жана ар кандай мүнөздө балдарга карата зомбулук катталууда . Өгөй эне, өгөй ата жана миграцияда жургон ата-эненин балдарына болгон зомбулуктун кесепетинен жаш өспүрүмдөр суцидке барууда. Бул көрүнүштөрдү токтотуу ата-эненин кайдыгерлигинен болуп жатат.Балдардын

укуктарын ата-энелер тепселеген көрүнүштөр да жок эмес. "Балдар биздин келечегибиз" ошондуктан урматту ата-энелер сиздер баарыныздар туура түшүнөт деп ойлойм деп созун аяктады.

3.Соц педагог: Окуучулардын түнкү көчөгө чыгуусу жана окуучулардын мектепке телефон көтөрүп келүүсү боюнча төмөнкүлөргө токтолду арасында тез тез тунку рейддерди өткөрүп турат окуучу түнкүсүн себепсиз жана өзү жалгыз жүрүү Кыргыз Республикасынын Кылмыш жаза кодексинин мыйзамында каралгандыгы боюнча айтып ,жашы жете элек балдар үчүн ата-энелер жооп берээрин эсекртти . Окуучулардын мектепте кымбат баалуу телефон көтөрүп келүүсүнө да тыюуу салынгандыгын эскертти. Телефондон азыркы күндө балдар интернет аркылуу жаман көрүнүштөрдү үйрөнүп жатат ошондуктан балдарга кымбат баалуу телефонду колдонууга мүмкүн эместиги эскертип жана төмөнкүлөргө токтолду окуучулардын пикир келишпестиктен чыккан чырлырына ата-энелер сиздер күнөлүү деп ойлойм , себеби чон эле ата-энелер өзүнүздөр эки айыл болуп бөлүнүп жатасыздар сиздерди көргөн балдар кай жака бармак ,балдарда кунөө жок деп ойлойм . Ата-энелер сиздер ушул бөлүнүүнү токтотсонуздар балдар ошондо токтойт. Ата-энелер окуучуларга түнкүсүн отуруш уюштуруп бересиздер, ошол отурушта балдар ар кандай жаман жолдорго барып жатат, келгиле балдарыбыз эс акылдуу болуп билим алсын десенизлер чогуу бирге балдарга кайдыгер мамиле жасабай тарбиялайлы деп өз сөзүн бүтүрдү.

6. Ата-энелер Сатыбалдыева Айнагул, Баева Уулзат , Токтоболотова Гулназ сөз сүйлөшүп жалпы ата-энелерге балдарды үйдөн жакшы көзөмөлдөп туура тарбиялоо биздин милдет, мугалимдин колунда балдар 6 саат болсо калган убакта бизден тарбия алат ошондуктан тарбиясы жок балдарды биз ата-энелер жакшы тарбиялай албайтабыз баарыбыз балдарыбызды ойлосок терен ойлонуп балдарды тарбияласак деп сунуштарын айтышты.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап
отурум токтом кылат :

1. 18 жашка толо элек кыздарды турмушка берүү жана чондор тарабынан балдарга карата зордук зомбулуктун алдын алуу боюнча, жалпы ата –энелер тарабынан чогулушка келбеген ата-энелерге жеткирилсин.
2.
3. Окуучулардын түнкү көчөгө чыгуусун жана түнкүсүн отуруштарды уюштурууну көзөмөлдөө жагы ата- энелерге, мугалимдерге жана ИДН кызматкерине милдеттендирилсин .

3. Мектеп болуп жаткан кылмыштуулукту көзөмөлдөө жагы класс жетекчи жана соц педагог Султанбаева Улпатханга жүктөлсүн.

4. Кабыл алынган чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө жагы мектеп директору У.Эшенкуловага милдеттендирилсин.

Соц педагог : [signature] Султанбаева У.